Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

А. Хасанбаева, М. Иноятова,
В. Костецкий

# АДЕП

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
1-классы үчүн окуу китеби

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим
берүү министрлиги бекиткен*

http://eduportal.uz

«O‘QITUVCHI» БАСМА-ПОЛИГРАФИЯЛЫК ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ҮЙҮ
ТАШКЕНТ — 2019

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**УЎК: 17(075.2)**
**КБК 74.200.51**
**Х 33**

Жооптуу редактору: **Р. Х. Джураев** — п. и. д., академик.

**Рецензенттер:**

**Ш. Тѳраев** — ф. и. кандидаты, доцент;
**З. Жуманова** — Низами атындагы ТМПУнин докторанты;
**З. Жабборова** — Республикалык билим берүү борборунун методисти;
**Г. Сайдалиева** — Юнусабад районундагы 96-мектептин жогорку категориялуу башталгыч класстын мугалими.

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:

 — чогуу окуйбуз;

 — макалдын маанисин түшүндүр;

 — тапшырма;

 — суроо;

 — суроо жана тапшырма;

 — эсте сакта.

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

© А. Хасанбаева, М. Иноятова, В. Костецкий
© «O'qituvchi» БПЧУ, 2019

ISBN 978-9943-22-386-8

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# I. ӨЗБЕКСТАН — АЗАТ ЖАНА АБАТ МЕКЕН

## 1. 1-СЕНТЯБРЬ — ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК КҮНҮ

*Перзенттердин тынчтыгы, алардын бакыты — коомдун эң чоң байлыгы.*

**Шавкат Мирзиёев,**
Өзбекстандын Президенти



**Майрамыңар куттуу болсун!**



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







Туубуз түстөргө бай,
Болбойт муну байкабай:
Ак — тазалык, ак ниет,
Жашыл болсо — табият.
Кызыл — оргуштаган кан,
Көк түс — бул бейпил асман.
Ай, жылдыздары жанган,
Бул мекеним — Өзбекстан.

Мамлекетибиздин туусун боё.





http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 2. БАБАЛАРДАН МУРАС ЖУРТ



Самарканд



Нукус



Бухара



Хива

Ташкент, Самарканд, Бухара, Хива жана Нукус шаарлары жөнүндө эмнелерди билесиң?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






# Ташкент — Өзбекстандын борбору



## Азат өлкөм

Өзбекстан — азат өлкөм,
Боору нурга бай өлкөм.
Хума конуп башына,
Келечеги кең өлкөм.

*Дилшод Ражаб*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# Абат Мекен





**Борбор калаабызда жана айылдарыбызда курулуп жаткан жаңы имараттар**





Сен жашап жеткен жерде кандай жаңы имараттар курулуп жатат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# II. АДЕП — АДАМДЫН КӨРКҮ

## 3. ЖҮРҮМ-ТУРУМ НОРМАЛАРЫНЫН АЛГАЧКЫ ТАЛАПТАРЫ





1. Сенин оюңча, бул балдарды эмне үчүн мээримдүү жана адептүү деп айтууга болот?
2. Эстеп көрчү, сен кайсы сыйкырдуу сөздөрдү көп колдоносуң?

«АССАЛОМУ АЛАЙКУМ»,

«ЛАППАЙ», «ЫРАКМАТ»,

«ӨТҮНҮЧ», «КОШ».

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Эстеген сыйкырдуу сөздөрүңдөн пайдаланып, «Адептин эрежелери» ырын толукта жана эсте сакта.

| | |
|---|---|
| Биринчи эреже:<br>Эң сылык сөз бул — салам,<br>Сөз башында: «...». |  |
| Экинчи эреже:<br>Жагат укканга майдай,<br>«Ыя» дебей, десең: «...». |  |
| Үчүнчү эреже:<br>Ишиң түшсө, болот жакшы,<br>Күлүп, айтсаң: «...». |  |
| Төртүнчү эреже:<br>Куш келипсиң, кел, Акмат,<br>Жардам бергениңе: «...». |  |
| Бешинчи эреже:<br>Унчукпай кетпе, Жолдош,<br>Сөз аягы болот: «...». |  |



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 4. АДЕПТҮҮ БАЛА — ЭЛГЕ ЖАГАТ




Сүрөттөн корутунду чыгар!



**Эсте сакта!** Адептүү бала сүйлөшкөндө сыйкырдуу сөздөрдөн көп жана орундуу пайдаланат.



Бул балдарды эмне үчүн адепсиз дейбиз? Адептүү бала кандай болот?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«Өтүнүч», «Келиңиз», «Ыракмат» өңдүү сыйкырдуу сөздөрдү колдоп, төмөнкү жагдайларды сахналаштырып көрсөтүп бергиле.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 5. САЛАМДАШУУ АДЕБИ

Салам берүү эң сулуу сапат.






«Ассалому алайкум» — «Сизге тынчтык жана ден соолук каалаймын».

«Ва алайкум ассалом» — «Сизге да тынчтык жана ден соолук каалаймын».

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Саламдашканда айтылчу сыйкырдуу сөздөрдү эстеп кал.

Ассалому алайкум!

Ва алайкум ассалом!

Саламатсызбы?

Саламатта болуңуз!

Көчөдө классташыңды жолуктуруп калсаң, кантип саламдашып, сүйлөшөөрүңдү көрсөтүп бер.

Уул-кызым, эсте сакта:
Адеп — адамдын көркү.
Адебиңди кастарла,
Саламың — анын бөркү.
Адеп болсо учкан ат,
Саламың — алтын канат.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 6. САЛАМДАШУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

| | |
|---|---|
| Колду төшүнө коюу «Сизди урматтаймын» дегенди билдирет. |  |
| Адатта, жашы кичине жашы улууга салам берет. |  |
| Бир адам көпчүлүккө салам берет. |  |
| Машинада бара жаткан адам жөө адамга салам берет. |  |
| Телефонду көтөрүп, «Лаппай» дейилет, андан кийин салам берилет. |  |
| Эртең менен колду жана жүздү жуубастан туруп, саламдашууга болбойт. |  |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сүрөттөгү жагдайларды түшүндүр. Балдар саламдашуу эрежелерин кантип сактап жатышканын айтып бер.









http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 7. МАМИЛЕ АДЕБИ




Күлүп турган баланын
өзү сулуу,
Балкып нуру төгүлгөн
көзү сулуу.
Адеби да жарашкан,
жүзү сулуу,
Сүйлөгөнү жагымдуу,
сөзү сулуу.

Сылык мамиледе колдонулчу сөздөрдү эсте.

Досум...

Курбум...

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ыракмат! Куп болот!

Келиңиз! Саламатсызбы?

Ден соолуктар жакшыбы?

**!** Жогорудагы сөздөрдөн пайдаланып, төмөнкү жагдайларды сахналаштыр.







**Эсте сакта!** Сүйлөшкөндө сыйкырдуу сөздөрдөн пайдалан!

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 8. ЖАКШЫЛЫК ЖАНА ЖАМАНДЫК

Адамдарды кубанткан, оорун жеңил кылган кыймыл-аракеттер жакшылык саналат. Адамдардын көңүлүн ооруткан, капа кылган кыймыл-аракеттер жамандык эсептелет.

Төмөнкү жагдайларды сахналаштыр жана аларга мамиле билдир.





Чогуу жооп бергиле.

**Эмне — жакшы, эмне — жаман?**

- Жардам берүү
- Кайдыгерлик
- Эмгекчил болуу
- Жалкоолук

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



- Чоңдорго урматта болуу
- Сөз албастык

Турмушта сүрөттөгү кайсы жагдайларга туш келгенсиң? Дагы кандай жагдайларда жакшылык кылууга болот?









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 9. БИЗДИН МИЛДЕТТЕРИБИЗ

Милдет — тапшырылган жумушту өз маалында аткаруу, ал үчүн жоопкерчиликти сезүү. Ал эми жоопкерчиликти сезүү эң баалуу сапат саналат.



## Окуучунун милдети

Гулнара — жоопкерчиликтүү кыз. Ал өзүнүн окуучулук милдеттерин жакшы билет. Мектепке өз убагында келет. Сабакта тартип сактайт. Жакшы окуйт.

Бүгүн Гулнара — кезекчи. Ал эртең менен келип, бөлмөнүн тазалыгын текшерди. Тыныгууда досканы жалтыратып сүртүп койду.

Устатыбыз Гулнараны «жоопкерчиликтүү окуучу» деп мактады.



«Окуучулук милдети» дегенде сен эмнени түшүнөсүң?

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сүрөткө байкоо жүргүз. Балдардын кайсылары өзүнүн ишине жоопкерчиликсиз мамиле жасап, кайсылары жоопкерчилик менен карайт деп ойлойсуң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 10. ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Ыраазычылык — бул адамдардын жардамынан кубануу, аларга ыракмат айтуу.

Адамдарга кандай сөздөр менен ыракмат айтканыңды эсте.


Ыраазымын! Чоң ыракмат!

Ыракмат! Аябай кубандым!

Төмөнкү жагдайлар үчүн жагымдуу ыраазычылык сөздөрүн тап.







http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Чоңдор сага кандай сөздөр менен ыраазычылык билдиришет?

Баракелде!
Атаңа бали!
Чоң ыракмат!
Бактылуу бол!

Сүрөттөрдү сахналаштыргыла. Жагымдуу ыраазычылык сөздөрдөн пайдалангыла.





Ак бата — алтындан кымбат.

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 11. ҮЙ-БҮЛӨ КУЧАГЫНДА

Ар кимдин үй-бүлөсү бар. Анда чоң ата-чоң эне, ата-эне, ага-ини, эже-сиңди ынтымактуу жашашат. Алар бири-бирине жардамдашууга тийиш. Үй-бүлө — чакан Мекен.



1. Сүрөттө кимдер көрсөтүлгөн?
2. Үй-бүлө мүчөлөрүң жөнүндө сүйлөп бер.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ата-энеңди жана жакындарыңды аздекте!

1. Ата-энеңе жана жакындарыңа мээримдүү бол жана аларга урмат менен мамиле жаса.

2. Ата-энеңдин керегине жара.







Сен үйдө кандай жумуш аткарасың? Үйүңдөгү тартип-эрежелер жөнүндө сүйлөп бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 12. МЕКТЕПТЕ ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЭРЕЖЕЛЕРИ

- Окуучу тартиптүү болууга, милдеттерин мыкты аткарууга тийиш.
- Мектептин мүлкүн, окуу куралдарын көз карегиндей асырашы керек.
- Мамиле адебине баш ийиши зарыл.
- Сурамакчы же жооп бермекчи болгондо, колун көтөрүүгө тийиш.


Тапчы, сүрөттө кайсы эреже бузулган?



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Окуучулар мектептин кайсы эрежелерине баш ийишүүдө?

Устат — илим багынын багбаны.

Адеп — кишинин көркү.

http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 13. КООМДУК ЖЕРЛЕРДЕ ӨЗҮН КАРМАНА БИЛҮҮ

Мектеп, көчө, театр, китепкана, коомдук транспорт коомдук жерлерге мисал боло алат.

Алардын өз адеп эрежелери бар.



Сүрөттөргө карап, коомдук жерлерде эмне кылган жакшы, ал эми эмне жаман экендигин билип ал.









http://...portal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# Жакшыбы же жаманбы?

- Салам берүү
- Кечирим сурабастык
- Жылмаюу
- Адамдарды капа кылуу
- «Ыракмат» айтуу
- Бийик үн менен сүйлөө.



Жаңы достор менен кантип таанышаарыңды классташтарың менен чогуу сахналаштырып көрсөт.

*Пайдалануу үчүн сөздөр:*

Таанышканыман кубанычтамын!

Чоң ыракмат!

Досум...

Дос бололу...

Курбум...



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# КАЙТАЛОО

1. Эмне үчүн өлкөбүздү «Азат жана абат Мекен» деп атайбыз?

2. Үлгүдөн пайдаланып, шаарларыбызга мүнөздөмө бер.

Үлгү: *Наманган — гүлдөр шаары*.

Самарканд — ... .

Хива — ... .

Нукус — ... .

3. Туулган журтуңа мүнөздөмө бер.

4. Мектепте баш ийилчү жүрүм-турум эрежелерин айтып бер.

## Сөздүн сыйкыры

Кандай жакшы сөз экен,
Адептин башы «Ассалам».

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кандай жагымдуу сөздөр:
«Ыракмат», «Куп болот», «Өтүңүз».
Кубандырат дилиңди
Достордон «Куш келиңиз».
Акыркы сөз да укмуш:
«Саламат бол, кайыр кош».

*Дилшод Ражаб*

Топторго бөлүнгүлө. Ырдагы сөздөрдөн пайдаланып, Аяз ата менен Кар кыздын маегин сахналаштыргыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# III. КИШИНИН ДЕН СООЛУГУ — ЖУРТТУН БАЙЛЫГЫ

## 14. ТАЗАЛЫК — БУЛ ДЕН СООЛУК



Сүрөттөгү нерселердин кайсылары таза жүрүү үчүн колдонулат?





Тазалыгың — ден соолугуң.

### Кайрат неге уялды?

Окуу сабагы болчу. Класска директор Умар Акбарович кирди. Окуучулар ордуларынан туруп, ага салам беришти. Директор Кайратка карап:

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



— Кайрат, тазалыкка баш ийүү жөнүндө эмнелерди билесиң? — деп сурады.

Кайрат ордунан турду. Анын кийимдери бырыш, туфлиси ылай эле.

Ал жооп бере албай, уялганынан кызарып, жерди карады.

Айтчы, эмне үчүн Кайрат уялып, жооп бере албады?





## Тыкан бол

Жакшы экен, балдар-ай,
Ар дайым тыкан жүрүү.
Ата-энең алкыш алат,
Болсоң сылык мүнөздүү.

*Мухиддин Аман*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 15. ТАМАКТАНУУ АДЕБИ ЖАНА ЭРЕЖЕЛЕРИ

Сүрөттөргө карап, тыянак чыгар.









http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чоң энемдин үгүттөрү

Кечки тамактануу учуру болчу. Үсөн тамакты абдан шашып жеди. Чоң энем ага эскертти:

— Тамактануунун да адеп жана эрежелери бар. Мен үчөөсүн айтып берейин: биринчиси — адептүү бала тамактанаардан мурда жана кийин колун жууйт. Экинчиси — чоңдордон озунуп тамакка кол сунбайт. Үчүнчүсү — даамдуу тамак үчүн ыракмат айтат. Калгандарын өзүң таап айтчы?!



Тамактануунун дагы кандай эрежелерин билесиң?

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 16. ПРАКТИКАЛЫК МАШЫГУУ

Тамактануу адебине баш ийилбеген жагдайларды тап!





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Дасторкондун айланасында кандай сыйкырдуу сөздөр иштетилет?


Тамагыңар таттуу болсун!

Келиңиз, даам татыңыз...

Ыракмат, абдан даамдуу болуптур!

Жогорудагы сөздөрдү колдонуп, «Конок» оюнун ойногула. Талиңке, кашык жана вилкалардан сүрөттө көрсөтүлгөндөй пайдалангыла.





http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 17. КООПТУУ ЖАГДАЙЛАРДА ИРЕТТҮҮ ЖАНА ТУУРА АРАКЕТТЕН

**Кооптуу жагдай** — кимдир бирөөнүн айыбы менен, кайдыгерлик натыйжасында киши өмүрү үчүн кооптун туулушу.

Мындай кооптуу жагдайлар эмнелерге алып келет?









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Кооптуу жагдайларда кантип туура аракеттенүү керектигин эстеп кал.









Өмүрүңдү кооп астында калтырба!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 18. ПРАКТИКАЛЫК МАШЫГУУ

Кооптуу жагдайларда кайсы номерлерге телефон чалууну эстеп кал.

101 102 103 104 1050

Сенин оюнча, мындай жагдайларда кайсы номерге телефон чалган оң?





Коопсуздук кызматтарынын аттарын эстеп кал.

«Тез жардам» «Өрт коопсуздугу кызматы» «Газ кызматы»
«Ички иштер башкармасы»
«Куткаруу кызматы»

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Төмөнкү машиналар коопсуздук кызматынын кайсы түрүнө кирет? Үлгүгө карап, керектүү кызматтын түрүн жаз.

*Үлгү:*




«Газ кызматы»




«Куткаруу кызматы»










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# IV. БИЛИМ АЛ, ӨНӨР ҮЙРӨН

## 19. КИТЕП — БИЛИМ БУЛАГЫ





Сүрөттөрдү салыштыр жана тыянак жаса.

### Китеп

Мен китепмин, китепмин,
Нурга толо күнүңмүн.
Эгер мени жыртышса,
Билгин, анда — түгөндүм.

*Абдулла Турдиев*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Китеп окуунун эрежелери:

- китепти таза кол менен карма;
- китепти асырап-абайла;
- китепти жатып, көзгө жакын кармап окуба, бул ден соолук үчүн зыяндуу;
- китепти жарык сол жактан түшкөн жерде оку. Китеп окуганда чөпкаттан пайдаланууга адаттан.

? Сен китепти абайлап-асыроо үчүн эмне кыласың?

Абдан сүйөбүз аны,
Түркүн-түмөн мазмуну.
Балдардын ал жакыны,
Сүрөт толо барагы.
Кана, досум, айта кет!
Эстеген дейт, бул — ...




http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 20. БИЛИМ АЛ, ӨНӨР ҮЙРӨН

Балдар, кайраттанып эмгектенсеңер, сөзсүз, келечекте билимдүү, өнөрлүү, жеткилең инсан болосуңар.



Айтчы, бул балдар келечекте ким болушу мүмкүн?









http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# Өнөрлүү



Колунда щётка, сыры,
Дайым жарык маанайы,
Боёкчу Турсун тагам
Жетимиш өнөрдө тыкан.

Дубалга тартат сүрөт,
Эл аны сүйүп көрөт.

Дагы уста, ашпоз да,
Булбул токтойт ырдаса.

Тагам өңдүү өнөрлүү
Болсоң, өнөрдөн өнөт.

*Обид Расул*



Ажыратылган сөздөр жардамында өнөрлүү кандай болушун айтып бер.



Өнөрсүз менен достошпо.

*«Кабуснаамадан»*



Өнөрсүзгө | к | | | жок.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 21. АДАМ ЭМГЕГИ МЕНЕН УЛУУЛАНАТ

Эмгек менен турмушубуз гүлдөйт. Бардык пайдалуу жана керектүү нерселер адам эмгеги менен жаралат. Ошондуктан эмгекчил адамды элибиз аздектейт. Кымбаттуу окуучум, кайраттуу жана эмгекчил бол!



**Эсте сакта!** Окуучунун негизги эмгеги — бул бышык билим алуу.

## Кайраттуу окуучу

«Жаш окурман» кароосунда Нурлан байкем жеңип чыкты. Устатыбыз Назгүл Асановна ага чоң гүлдестени белекке берди. «Нурлан жүрөктөн умтулгандыктан, кароодо жеңди. Сен да Нурландай болууну кааласаң, эмгектен качпа!», — деди устат.

Нурлан байкеме аябай суктандым.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Сен өзүңдү эмгекчил окуучу деп ойлойсуңбу?

Эмгек — бакыттын ачкычы.

*Алишер Навоий*

Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба.

Эмгектенип тапканың,
Чыныгы б[ ][ ] татканың.

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 22. КИМ БОЛСОМ ЭКЕН?

*(Практикалык машыгуу)*

Сүрөттөрдөн пайдаланып, кесиптер жөнүндөгү ыр-табышмактардын жооп-торун тап.







Ден соолуктун сакчысы,
Оорулардын ачкычы,
Оорулууга жароокер,
Анын аты — ... .

* * *

Билим экен тилеги,
Китеп — тапкан белеги.
Ал ким өзү, сен айтчы?
Таптым, ал — ... .

* * *

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кылкалем кармайт өзү,
Ким болду бул? — ... .

Башкатырманы чыгар. Берилген сөздөрдү өзүнө ылайыктуу чакмактарга коюп чык.

Багбан, учкуч, инженер, кызматчы, дарыгер.



Жогорудагы кесиптер жөнүндө эмнелерди билесиң?



Өнөр — түгөнбөгөн кенч.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# V. АТА-БАБАЛАРДЫН ЭЛЕСИ ТҮБӨЛҮКТҮҮ

## 23. ЭСКЕРҮҮ ЖАНА КАДЫРЛОО КҮНҮ

9-май — Эскерүү жана кадырлоо күнү. Бул күнү биз ата-бабалардын үлгүлүү иштерин эске алабыз.

Бизди тарбиялап, жүрүм-турумду үйрөткөн чоң ата-чоң эне жана ата-энелерибизге ыракмат айтабыз.

Мекенибиздин тынчтыгы жана бейпилдиги үчүн курман болгон, бизди бактылуу балалыкка жеткирген ата-бабаларыбызды эскеребиз. Алардын айкелдерине гүлдесте коёбуз.

Карыялар жана оорулуулардан кабар алабыз. Эскерүү жана кадырлоо биздин ыйык милдетибиз саналат.



Эскерүү — түбөлүктүү.

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





1. Сүрөткө карап, тынчтык үчүн күрөшкөндөрдү кантип эскеришиңди айтып бер.
2. Тынчтык үчүн күрөшкөн ата-бабалардан кимдерди билесиң?
3. Эмне үчүн каарман ата-бабалардын элесин эсте сактайбыз?

Марттык — түбөлүктүү.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 24. ЗЫЯРАТ АДЕБИ

*(Практикалык машыгуу)*



Өлкөбүздө көптөгөн зыярат жерлери бар. Эскерүү жана кадырлоо күнү биз зыяратка чыктык. Ал жерге кирүүдөн мурда устатыбыз:

«Балдар, зыярат жеринде тазалыкты сактагыла. Бийик үн менен сүйлөшпөгүлө. Ата-бабалардын өмүрү жана үлгүлүү иштери жөнүндө көбүрөөк

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



маалымат чогулткула», — деп дайындады.

Ата-энеңер менен жакын жердеги зыярат жерине чыккыла. Зыярат адебине баш ийгиле.

## Акылмандар зыярат адеби жөнүндө

* Зыяратка жуунуп, таза болуп баруу керек.
* Зыярат жерине салам берип кирүү зарыл.
* Зыярат жеринде кыш жана оймолорго түрдүү сөздөрдү жана тилектерди жазууга болбойт.
* Ыйык адамдардын күмбөзү үстүндө шам жакканга, алдындагы дарактарга ар түрдүү чүпүрөк жана тасмаларды байлаганга болбойт.

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# VI. ТАБИЯТ ЖАНА БИЗ

## 25. ТАБИЯТТЫ КОРГОО ЖАНА ТАБИЯТ КОЙНУНА САЯКАТ АДЕБИ

Табият — бул жер, асман, дарактар, жаныбарлар, таза суу жана таза аба. Табияттын койнуна саякат учурунда тазалыкты сактоо, жаныбарларга зыян жеткирбөө, таза сууга чыгынды таштабоо керек. Болбосо, Амандын достору өңдүү уялып каласыңар.

### Табиятты асыра

*(Турмуштук жомок)*

Жайында Аман достору менен тоо бооруна саякатка чыкты. Күн бою таза абада эс алышты. Аман өзгөчө бала, табият менен сүйлөшө алат. Ал Суунун жээгинде эс алып жаткан эле, анын сөзүн угуп калды:

— Асан, Акматка айт. Неге мага чыгынды таштайт? — даттанды Суу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



— Аскарга айтчы, бутактарымды сындырбасын, денем ооруп чыкты, — шыбырады Өрүк дарагы.

— Махмут палапандарымды атып түшүрмөкчү, — ыйлады кичинекей Куш.



Бул сөздөрдү уккан Аман катуу иренжиди. Аларга боору ооруп, ыйлап жиберди. Жолдоштору жасаган кылмыштарынан бушайман болушту. Алар Суудан, Өрүк дарагы жана Куштан кечирим сурашты.

Жомоктон тыянак чыгар. Табият койнуна саякат жасоонун адеби эмнелерден турат экен?

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 26. ЖАНЫБАРЛАРГА КАМКОРДУК — ИЗГИ КАСИЕТ

Жаныбарлар — адамдын жакын достору. Алар ар дайым адамга кызмат кылып келишкен.



Көгүчкөн кат ташыган.



Жылкы алысты жакын кылган.



Ит — үйдүн сакчысы.

Өкүмдар шер, акылман илегилек жана учкул атты жакшы көрөсүң, туурабы? Алар сулуулугу, баатырдыгы жана акылмандыгы менен сага жаккан. Босогоңдун алдында мөлтүрөп турган мышыкка, кардын астынан дан издеген кушка бооруң ооруйт, албет-

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



те. Бирок мунун өзү аздык кылат. Жаныбарларга кам көрүү зарыл.



Төмөнкү жаныбарлар аттарынын башкы тамгаларын тапсаң, «Кызыл китепке» кирген жаныбардын атын табасың.

К +  + Й +  + К

## Неге булбул сайрабайт?

Байке, биздин гүлзарда,
Неге булбул сайрабайт?
Биз менен ынтымакта,
Куунап, чогуу шаттанбайт.



Ал биздин багыбызда
Сайрап жүргөндө, Аскар,
Кууп салган болчусуң,
Али да эсинде бар.

*Аллаберген Болот*



Куштар кандай балдардан качат?



https://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 27. ТАБИЯТТЫН БАЙЛЫКТАРЫН ҮНӨМДӨӨ

Адам табият байлыктарысыз жашай албайт. Ал тургай тамагыбыз да анын көмөгүндө даярдалат. Табият байлыктары себептүү турмушубуз бейпил. Электрсиз жана газсыз эмне кыла алмакпыз?! Электр үйүбүздү жарыктандырат, ири ишканалар, телевизор, радио, муздаткыч, компьютер, уюлдук телефон — бардыгы аны менен иштейт.

Ичилүүчү суу барган сайын азайып барууда.

Газ, суу жана электрди үнөмдөө биздин адамдык милдетибиз саналат.



Ар бир нерсенин ченеми бар.



1. Суу, газ жана электрдин адамга кандай пайдасы тиет?

http://eduportal.uz


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2. Эмне үчүн таза сууну үнөмдөө зарыл?





1. Сүрөттөрдөгү жагдайларга баа бер.
2. Сен суу, газ жана электрди үнөмдөөгө кандай салым кошуп жатасың?

Суусуз жашоо болбойт,
эмгексиз — ырахат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 28. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ САБАК

## «Адеп»тин 1-класстын окуучуларына үгүттөрү



Мына сен «Адеп»ти окуп, жүрүм-турум жөнүндө көптөгөн нерселерди үйрөндүң. Мамиле жана саламдашуу адебине тиешелүү сыйкырдуу сөздөрдү колдонууга адаттандың. Мектепте, табият койнунда жана коомдук жерлерде өзүңдү кандай кармануу керектигин билип алдың. Өтүлгөн темаларды эстеп көрчү, бардыгын өздөштүрө алдың бекен?!

Жайкы каникул алдынан сага кээ бир кеңештерди бермекчимин. Алар сага ар дайым керек болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Эсте сакта!

1. Үйүңдө чакан китепкана уюштур. Көбүрөөк окуганга, билим алганга аракеттен.

2. Соо денеде соо пикир болушун эсте сакта. Дене тарбия жана спорт менен дайыма алектен.

3. Жакшы адаттарга жакын жүр. Жаман адаттардан оолак бол.

4. Чынчыл бол. Эч качан калп сүйлөбө.

Эгерде ушул үгүттөргө баш ие алсаң, анда сени бардыгы жактырып, урмат-ызаат көрсөтүшөт.

**Көрүшкөнгө чейин кош болгула!**
**Адептүү адам элде урмат табышын эстен чыгарбагыла!**



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# МАЗМУНУ

**I. ӨЗБЕКСТАН — АЗАТ ЖАНА АБАТ МЕКЕН**

1. 1-сентябрь — Эгемендүүлүк күнү.......... 3
2. Бабалардан мурас журт......................... 5

**II. АДЕП — АДАМДЫН КӨРКҮ**

3. Жүрүм-турум нормаларынын алгачкы талаптары................................................ 8
4. Адептүү бала — элге жагат................. 10
5. Саламдашуу адеби................................ 12
6. Саламдашуунун эрежелери.................. 14
7. Мамиле адеби....................................... 16
8. Жакшылык жана жамандык.................. 18
9. Биздин милдеттерибиз......................... 20
10. Ыраазычылык...................................... 22
11. Үй-бүлө кучагында.............................. 24
12. Мектепте жүрүм-турум эрежелери........................................... 26
13. Коомдук жерлерде өзүн кармана билүү........................................ 28

Кайталоо................................................... 30

**III. КИШИНИН ДЕН СООЛУГУ — ЖУРТТУН БАЙЛЫГЫ**

14. Тазалык — бул ден соолук.................. 32
15. Тамактануу адеби жана эрежелери... 34

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



16. Практикалык машыгуу........................ 36
17. Кооптуу жагдайларда ирettүү жана туура аракеттен................................ 38
18. Практикалык машыгуу........................ 40

## IV. БИЛИМ АЛ, ӨНӨР ҮЙРӨН

19. Китеп — билим булагы........................ 42
20. Билим ал, өнөр үйрөн........................ 44
21. Адам эмгеги менен улууланат.......... 46
22. Ким болсом экен? *(Практикалык машыгуу)*........................................ 48

## V. АТА-БАБАЛАРДЫН ЭЛЕСИ ТҮБӨЛҮКТҮҮ

23. Эскерүү жана кадырлоо күнү............ 50
24. Зыярат адеби *(Практикалык машыгуу)*........................................ 52

## VI. ТАБИЯТ ЖАНА БИЗ

25. Табиятты коргоо жана табият койнуна саякат адеби........................ 54
26. Жаныбарларга камкордук — изги касиет........................................ 56
27. Табияттын байлыктарын үнөмдөө...... 58
28. Жыйынтыктоочу сабак........................ 60

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Хасанбаева, Айша**

74.200.51
Х 33

**Адеп:** 1-класс үчүн окуу китеби / А. Хасанбаева, М. Иноятова, В. Костецкий — Ташкент: «O‘qituvchi» БПЧҮ, 2019. — 64 бет.

ISBN 978-9943-22-386-8

УЎК: 17(075.2)
КВК 74.200.51

**Oysha Hasanboyeva**

**Muhayyo Inoyatova**

**Vasiliy Kostetskiy**

# АДЕП

**Ta’lim qirg‘iz tilida olib boriladigan maktablarning 1- sinfi uchun darslik**

*«O‘qituvchi» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү*
*Ташкент — 2019*

Котормочу *А. Зулпихаров*
Редактору *А. Зулпихаров*
Көркөм редактору *К. Шамурадов*
Тех. редактору *Н. Ниязмухамедова*
Компьютерде даярдаган *У. Курбанова*

Басма үйүнүн лицензиясы AI № 012. 20.07.2018.
Оригинал-макеттен басууга уруксат берилди 21.05.2019. Форматы 70x90 1/16. Кегели 18 шпондуу. Офсеттик басма усулда басылды. Офсеттик кагаз. Шарттуу б. т. 4,68. Эсеп-басма т. 4,0. Нускасы 838. Буюртма № 19-268.

Өзбекстан Республикасы Президенти Администрациясынын алдындагы Басма сөз жана массалык коммуникациялар агенттигинин «O‘qituvchi» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү. Ташкент — 206, Янгишахар көчөсү, 1-үй. Келишим № 36-19.

Өзбекстан Республикасы Президенти Администрациясынын алдындагы Басма сөз жана массалык коммуникациялар агенттигинин «O‘zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүнүн басмаканасында басылды. 100011, Ташкент, Наваий көчөсү, 30.

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE